КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

07.09.2023 № 5013/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

## “Ош мамлекеттик университети” мекемесине ишин жүргүзүүгө лицензия берүү жөнүндө

“Ош мамлекеттик университети” мекемесинин жогорку кесиптик билим берүү программасы боюнча лицензия берүүгө 2023–жылдын 8-августундагы № 01-9/12936 арызы менен кайрылган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018–жылдын 23-июлундагы № 334 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында билим берүү ишин лицензиялоо тартиби жөнүндө Убактылуу жободо көрсөтүлгөн лицензия алуу үчүн зарыл болгон документтер Министрликке тапшырылган. Жогоруда көрсөтүлгөн арызды карап чыгуу максатында, Министрликтин 2023–жылдын 16-августундагы № 4887/1 буйругу чыккан. Комиссиянын текшерүү баракчасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Лицензиялоо боюнча кеңешинин 2023-жылдын 5-сентябырындагы № 12 отурумунда каралды.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Лицензиялоо боюнча кеңешинин 2023-жылдын 5 сентябырындагы № 12-2 отурумунун чечимин аткаруу максатында, ***буйрук кылам:***

1. “Ош мамлекеттик университети” мекемесине жогорку кесиптик билим берүү 570015 Режиссура (колдонулуучу багыттары боюнча) сырттан окуу формасы, окуу мөөнөтү 6 жылдык программасына лицензия берилсин:
2. “Ош мамлекеттик университети” мекемесинин жетекчилигине кабыл алынган чечим тууралуу маалымат жиберилсин.
3. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Лицензиялоо бөлүмүнө (А.О. Ибраев) тапшырылсын.

Негизи: 2023-жылдын 5-сентябырындагы Лицензиялоо боюнча кеңешинин № 12 отурумунун № 12-2 протоколу.

**Министрдин орун басары** **А.Ж. Рысбаева**